Кыргыз Республикасы
Бишкек шаарынын мэриясы

Кыргыз Республикасынын Экономика жана финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик салык кызматы

БИРГЕЛЕШКЕН БУЙРУК

2021-жылдын «30» июль № 131 / 30.07.21 №252

Жумушчу топторду түзүү жөнүндө

Бишкек шаарынын аймагында соода, жумуш жана кызмат көрсөтүү чөйрөсүндө иш-аракеттерин жүзөгө ашырган объекттердин жана ишкер субъекттеринин жайгашуусунун электрондук картасын түзүү максатында, Кыргыз Республикасынын "Борбордун статусу жөнүндө" жана "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" Мыйзамдарына, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2021-жылдын 1-апрелиндеги №128 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Экономика жана финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик салык кызматы жөнүндө жобого ылайык, Кыргыз Республикасынын экономика жана финансы министринин орун басары Б.А. Алиевдин 2021-жылдын 23-июнундагы протоколдук тапшырмасын аткаруу үчүн, буйрук кылабыз:

1. Администрациялык райондор боюнча Бишкек шаарынын мэриясынын муниципалдык администрацияларынын жана Мамлекеттик салык кызматынын Бишкек шаарынын райондору боюнча башкармалыктарынын кызматкерлеринин ичинен Бишкек шаарынын администрациялык райондорунун аймагында соода, жумуш жана кызмат көрсөтүү чөйрөсүндө объекттердин жана ишкер субъекттеринин жайгашуу картасын түзүү боюнча биргелешкен иштерди жүргүзүү үчүн жумушчу топтор (мындан ары - Жумушчу топтор) түзүлсүн.

2. Бишкек шаарынын администрациялык райондорунун башчылары Мамлекеттик салык кызматынын Бишкек шаарынын райондору боюнча башкармалыктарынын начальниктери менен бирдикте үч күндүк мөөнөттө Жумушчу топтордун жеке курамдарын аныкташсын.

3. Жумушчу топтор бир айлык мөөнөттө Бишкек шаарынын администрациялык райондорунун тийиштүү аймактарында соода, жумуш жана кызмат көрсөтүү чөйрөсүндө объекттердин жана ишкер субъекттеринин жайгашуу картасын түзүү боюнча биргелешкен иштерди жүргүзүшсүн.

4. Ушул буйрук Бишкек шаарынын мэриясынын жана Кыргыз Республикасынын Экономика жана финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик салык кызматынын расмий сайттарында жайгаштырылсын.

5. Ушул буйруктун аткарылышын контролдоо Бишкек шаарынын вице-мэри М.Ш.Сазыкуловго жана Кыргыз Республикасынын Экономика жана финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик салык кызматынын төрагасынын орун басары А.К.Абдуваповго жүктөлсүн.

Бишкек шаарынын мэринин милдетин аткаруучу

ТОКТОМДОР БӨЛҮГҮ ПРОТОКОЛЬНАЯ ЧАСТЬ

Б.Ж. Кудайбергенов

Кыргыз Республикасынын Экономика жана финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик салык кызматынын төрагасы

И.Ж. Иманбетов

Кыргызская Республика
Мэрия города Бишкек

Государственная налоговая служба при Министерстве экономики и финансов Кыргызской Республики

СОВМЕСТНЫЙ ПРИКАЗ

от «30» июля 2021 года № 131 / 252

О создании рабочих групп

В целях создания электронной карты дислокации объектов и субъектов предпринимательства, осуществляющих деятельность в сфере торговли, работ и услуг на территории города Бишкек, в соответствии с Законами Кыргызской Республики «О статусе столицы» и «О местном самоуправлении», Положением о Государственной налоговой службе при Министерстве экономики и финансов Кыргызской Республики, утвержденным постановлением Правительства Кыргызской Республики от 1 апреля 2021 года № 128, во исполнение протокольного поручения заместителя министра экономики и финансов Кыргызской Республики Б.А. Алиева от 23 июня 2021 года, приказываем:

1. Создать на территории административных районов города Бишкек рабочие группы из числа сотрудников муниципальных администраций мэрии города Бишкек по административным районам и управлений Государственной налоговой службы по районам города Бишкек для проведения совместной работы по составлению карты дислокации объектов и субъектов предпринимательства в сфере торговли, работ и услуг (далее - Рабочие группы).

2. Главам административных районов города Бишкек совместно с начальниками управлений Государственной налоговой службы по районам города Бишкек в трехдневный срок определить персональные составы Рабочих групп.

3. Рабочим группам в месячный срок провести совместную работу по составлению карты дислокации объектов и субъектов предпринимательства в сфере торговли, работ и услуг на соответствующих территориях административных районов города Бишкек.

4. Разместить настоящий приказ на официальных сайтах мэрии города Бишкек и Государственной налоговой службы при Министерстве экономики и финансов Кыргызской Республики.

5. Контроль за исполнением настоящего приказа возложить на вице-мэра города Бишкек Сазыкулова М.Ш. и заместителя председателя Государственной налоговой службы при Министерстве экономики и финансов Кыргызской Республики Абдувапова А.К.

Исполняющий обязанности мэра города Бишкек

ТОКТОМДОР БӨЛҮГҮ ПРОТОКОЛЬНАЯ ЧАСТЬ

Б.Ж. Кудайбергенов

Председатель Государственной налоговой службы при Министерстве экономики и финансов Кыргызской Республики

И.Ж. Иманбетов